КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы шайлоону өткөрүүнү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюштурсун.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) шайлоону өткөрүү үчүн зарыл болгон финансы каражаттарын Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы бекиткен чыгымдардын сметасына ылайык бөлүп берсин;

2) шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулуктун, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту камсыз кылуу жана жарандардын ден соолугун, укук тартибин жана коомдук коопсуздукту сактоо, анын ичинде шайлоо комиссияларынын жайларын жана добуш берүү үчүн жайларды кайтаруу, алардын өрт коопсуздугун, шайлоо документтерин ташыган транспорт каражаттарын коштоо жана кайтаруу боюнча зарыл чараларды көрсүн;

3) шайлоо процессинде колдонулуучу маалыматтык электрондук системалардын киберкоопсуздугун, ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу маалыматтарды

ЦИК

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О назначении выборов депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики**

Руководствуясь пунктом 2 части 2 статьи 70 Конституции Кыргызской Республики, частью 3 статьи 59 конституционного Закона Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики», постановляю:

1. Назначить выборы депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики нового созыва на 28 ноября 2021 года.

2. Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики организовать проведение выборов в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

1) выделить необходимые финансовые средства для проведения выборов согласно смете расходов, утвержденной Центральной комиссией по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики;

2) в период подготовки и проведения выборов принять необходимые меры по обеспечению законности, прав и свобод граждан, санитарно-эпидемиологической безопасности и защите здоровья граждан, правопорядка и общественной безопасности, в том числе охране помещений избирательных комиссий и помещений для голосования, их пожарной безопасности, сопровождению и охране транспортных средств, перевозящих избирательные документы;

3) оказать содействие Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики в обеспечении кибербезопасности информационных электронных систем, применяемых в выборном процессе, обмена данными посредством системы электронного межведомственного взаимодействия, а также в

алмашууну камсыз кылууда, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген маалыматтарды берүү процесстерин жүргүзүү үчүн байланыштын үзгүлтүксүз жана коопсуз каналдары менен камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына көмөк көрсөтсүн;

4) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүнү жөнгө салуучу мыйзамдардан келип чыккан башка иш-чараларды белгиленген тартипте ишке ашырууну камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылсын.

5. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоого даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө уюштуруучулук-техникалык маселелерди чечүү боюнча тиешелүү органдардын жана шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2021-жылдын 29-августу
ПЖ № 370

обеспечении бесперебойными и безопасными каналами связи для проведения установленных законодательством процессов передачи данных;

4) обеспечить в установленном порядке реализацию иных мероприятий, вытекающих из законодательства, регулирующего проведение выборов депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

4. Генеральной прокуратуре Кыргызской Республики при подготовке и проведении выборов обеспечить соблюдение Конституции и законов Кыргызской Республики.

5. Местным государственным администрациям и органам местного самоуправления оказать содействие в работе соответствующих органов и избирательных комиссий в решении организационно-технических вопросов при подготовке и проведении выборов.

6. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент КыргызскойРеспублики** **С.Н. Жапаров**

г. Бишкек
29 августа 2021 года
УП № 370